**УДК: 894. 341 (043.3)**

**АЛЫМБАЕВА З. А.**
*Ж. Баласагын атындагы КУУ, Бишкек*
**ALYMBAEVA Z. A.**
*J. Balasagyn KNU, Bishkek*

# ДҮЙНӨЛҮК ТИЛ ИЛИМИНДЕ ЛИНГВОСТИЛИСТИКАНЫН ИЛИМ КАТАРЫ ИЗИЛДЕНИШ ТАРЖЫМАЛЫ

## Становление лингвостилистики как науки в мировой лингвистике

## The emergence of linguistic stylistics in world science like a science

*Бул макалада лингвистикалык илим катары калыптанууда лингвостилистиканын татаал тарыхый жолду басып өткөндүгү, тарыхы, дүйнөлүк тил илиминдеги орду тууралуу түшүнүктөр берилди. Байыркы Грек, Индия тил илимдеринде жана Батыш Европа жана Чыгыш тил илимдериндеги сүйлөө өнөрүн тууралуу маалыматтар берилди.*

***Урунттуу свздвр:*** *лингвистика; лингвостилистика; структуралык тил илими; ораторлук өнөр; риторика; коннотация; көркөм текст; подтекст.*

*В статье рассмотрено становление лингвостилистики как науки и ее сложный исторический путь, а также ее место в мировой лингвистической науке. Даются примеры ораторского мастерства в Древней Греции, Индии, Западной и Восточной Европе.*

***Ключевые слова:*** *лингвистика; лингвостилистика; структура языкознания; ораторское мастерство; риторика; коннотация; художественный текст; подтекст.*

*In this article were considered the emergence linguistic stylistics like a science, the hard historical way, and it's place in global science. Given the designation to oratory weight of Ancient Greece, India, and West and East Europe.*

***Keywords:*** *linguistics; linguistic stylistics; the structure of linguistics; oratory weight; rhetoric; connotation; artistic text; implication.*

Лингвистикалык илим катары калыптанууда лингвостилистика татаал тарыхый жолду басып еткен. Бул илимди тарыхый планда карап коре тур-ган болсок, байыркы Рим, Греция сыяктуу мамле-кеттерде ораторлук онер, риторика формасында пайда болгон.

Чечендик енер байыртадан эле Египетте, езгече Ассирио - Вавилон доорунда, Индияда жана Кытайда чоц искусство катары бааланып келген. Чечендик енер алгач Грецияда, Афинада пайда болуп, сезге чебер адамдар мамлекеттик ири иштерге катышып, урмат-сыйга ээ болушкан. Биздин эрага чейинки кылымда эле гректерде (байыркы Греция чечендик енердун мекени катары таанылган) чечендик искусство эмне деген экендигин, анын кандай ыкмалары, турлеру болору, жалпы эле маани-мацызы аныкталган. Ал уч езгечелуктен, б.а. багыттаган оюн - козгоодон, анын маанисин - чечмелееден жана ой корутун-дусун элге далилдуу жеткире билууден туруусу тийиш делген. Ири екулдеру Динарх, Гиперит, Горгий, Сократ, Эсхил, Филократ жана Демосфен болуп эсептелет. Булар риториканын ыкмаларынын негизинде чечмелее, далилдее сыяктуу логиканын мыйзамдарын жакшы пайдаланып, суйлееге устат болушкан. Сездерун далилдер менен бекемдео, тил каражаттарын тандоодогу кылдаттык, талылуу жерден кармап сын коё билген тапкычтык соз чеберлеринин ири ийгиликтерге жетишине алып келген. Керунуктуу екулдеруне Протагор, Горгий, Сократ, Платон, Аристотель ж.б. кирет. Протагор эчен сез айтышына тушкен. Пикир талашууну баштаган чечен, ал тугул риторика енерунун негиз салуучуларынын бири катары эсептелет. Платон чечендикти акылмандык менен тец катары карап, элдик туура чечимдин, билимдин жана калыс-тыктын башаты - риторикада жатат деген.

Чечендик онорду болуп кербегендей ажарына чыгарган укук коргоочу, саясий лидерлердин бири Демосфен (б.з.ч. 384-322-жж.) болгон. Ал сезду ирети менен далилдуу, чукугандай сез таап, угуучулардыкумарланта, кучтуу таасир калтыра, кыска суйлеген. Анын суйлеедегу артыкчылык-тарынан чет жактагы (айрыкча Римдеги) ар кыл муундагы сез чеберлери улгу алышкан.

Антикалык поэтиканын жана риториканын кыр-тышында стилистика илими лингвистикалык илим катары пайда болгон. Байыркы грек философу Ари-стотель (б.з.ч. 384-322жж.) риторика жана поэтика боюнча «Риторика искусствосу», «Поэтика жонундо» аттуу эмгектеринде поэтиканы илимий негизде изилдеген. Стилистика илимий негизде примитивдуу децгээлде болсо да, Аристотель дин поэтикасынан башталган десек болот (Михальская М.Н. 1989. 19-6.). Гениалдуу ойчул Аристотель суйлее енеруне эбегейсиз салым кошкон. Ал сездун

максатына жетип, так жана тушунуктуу болуусу чечендик искусствонун биринчи талабы экендигин белгилеген.

Байыркы Греция ецдуу эле риторика искусство-сунун енугушуне байьфкы Рим да зор салымын кошкой. Буга Демосфендин жолун жолдогон Марк Тулий Цицеронду, Корнелий Тацит, Стаций Цецилий ж.б. кошсок болот.

Эц ири байьфкы грек философу, керунуктуу мамлекеттик ишмер, чечен Марк Туллий Цицерондун (б.з.ч. 1016-43жж.) “Чечен женунде" деген трактатында: “Суйлешуудегу жагдайды, кьфдаалды андай билуу, аудиторияны тандоо, угуучуну фактылар менен ишендируу, жагымдуу соз менен угуучуга ьфахат беруу - чечендик енордун башкы белгилери, оратордук онордун корсоткучу", - деп баалаган (Дерягин В.Я 1978. 6-б.).

Марк Фабий Квинтилиан (болжол менен 6.3.35-95 жж.) илгертеден эле уч стилдин болгондугун белгилеген (Дерягин В.Я 1978. 6-6.).

Квинтилиандын болуштуруулору окумуштуу М.В.Ломоносовдун "уч штиль" теориясына негиз болгон.

Квинтилиан чечендик онорду турго белуш-туруудо аларда колдонулган риторикалык белгилерди негиз кылып алган. Мисалы томонку турго баяндоодогу ишенимдуулук, ортоцку турге метафоралар, стилистикалык турдуу фигуралар, жогорку турго сезимге турдуу таасир этуучу белгилери жана каражаттары Квинтилиандын таяныч чекити болгон.

Квинтилиан Цицерондун стилистика жонундогу теориялык жоболорун колдоп, аны байыткан жана терендеткен (Дерягин В.Я 1978. 11-12-6).

Лингвостилистика илими биздин замандын башталышында оратордук онордун, риториканын базасында илим катары калыптанып, анын теориялык жоболору негизделген. Лингвостилис-тиканын лингвистикалык илим катары калыптанып-туптвлушундо байыркы грек-рим маданиятынын салымы чоц болгон.

Орто кылымды чечендик искусствосунун экинчи доору деп айтууга болот. Сез енеру VII-VIII кылымдарда исламдын жайылышы менен да еркундеген. Чечендик енер араб тилдуу жана мусулман калктарында, Европанын кеп елке-лерунде, орустарда да езгече орунда турган. Ислам дининде адамдын бир учурда эддин акылын, ац-сезимин бийлей алган чечендик артыкчылыкка ээ болуусу милдеттуулук делген. Риторика Чыгышта, Орто Азияда, Кавказда, Азербайжанда, Дагестанда кулач жайган. Чыгыш элинин салтына ылайык чечендер атайы тузулген калыстардын алдында ар кыл темадагы мелдештерди уюштуруп, жецуучулер сыйга арзып, атак алышкан. XII-XIV кылымдарда Армения менен Грузияда риторика искусствосу боюнча адистешкен мектептер иштеп, кийинчерээк академияга чейин есуп жетип, чечендик енер боюнча мында да эл алдында сынактар, атайьш мелдештер уюштурулуп, чечендик - сез енерунун, адам билиминин, тил маданиятынын есуп жеткен эн жогорку бийиктиги катары бааланган. Бул мектептин кучтуу екулдеру катары В. Рабуни, Давид ж.б. атоого болот.

Батыш тил илиминде лингвостилистика чон ийгиликтерге жетишкен. Лингвостилистиканын айрым аспектилери боюнча XVII кылымда эле Батыш Европада, XVIII кылымдан тартып Россияда изилдевлор жургузулвт. Ал изилдввлвр кврквм чыгармалардын тилине, белгилуу жазуучулардын стилине арналып, стилистика илиминин теориялык жоболору иштеле баштаган ( Кожина М.Н. 1977. 12-б.).

Француз лингвисти Ш.Балли, А. Сэше, Ж.Марузе, П.Гиро, Алман о Вальцгель, К.Бюлер, С.Уилсман сыяктуу ж.б. лингвисттер лингво-стилистиканын енугушуне белгилуу децгээдде салым кошушкан (Гальперин И.Р. Литературы на иностранных языках. 1958. 12-6.).

Лингвостилистика орус тил илиминде да бир топ ийгиликтерге жетишкен. Бул изилдеелердун башатында М.В.Ломоносовдун "уч штиль” женун-дегу жобосу турат. М.В.Ломоносов Байыркы Марк Фабий Квинтилиандын чечендик енер тууралуу жоболорун андан ары улантып, жацыча кез караштa орус тил илиминин материалдарынын негизинде аны еркундеткен.

Орус адабий тилин лингвостилистикалык планда изиддее учун М.В.Ломоносов Марк Фабий Квинтилиандын уч стиль женундегу классикалык окуусун натыйжалуу пайдалана алган. Адабий тиддин тузулушунун теориялык жана практикалык маселелери, тиддин лексикология, морфология белумдерун стилдик планда изиддеген. Бул изилдеелер окумуштуунун “Орусия грамма-тикасы”(1735), “Орус тилиндеги чиркее китеп-теринин пайдасы женундегу сез башы” (1755), “Риторика” ж.б. эмгектеринде берилген.

Лингвостилистиканын сездерду коддонулушу жана келип чыгышы боюнча белуштуруп, сездерду суйлешуунун максатьша ылайык колдонууну коннотация деп кароо маселесин лингвистиканын тарыхында биринчи болуп айтып чыккан. Окумуш-туу М.Н.Кожина бул керунушке темендегудей кез карашын биддирет: “Бул классификация, бирин-чиден, адабий тиддин чегин, эц негизгиси анын жазма формасын аныктоого, экинчиден, адабий тилдеги "уч штидди” белгилееге негиз болгон” ( Кожина М.Н. 1977. 7-6.).

М.В.Ломоносовдун стилистика боюнча бул теориялык эмгеги бул илимдин туптелушуне чон салым кошкон негизги эмгектерден болуп эсептелинет. Албетте, бул эмгекте окумуштуу

жашаган доор, коомдук социалдык абал, ал мезгилдеги адабияттагы кучтуу агым болгон классицизм ез таасирин тийгизбей койгон эмес. Бирок ошондой болсо даты, бул эмгек орус тил илиминде, орус тилинин стилистикасында жогору бааланат.

Орус тил илиминде стилистика термини XVII кылымда эле Макарий жана Б.И.Усачевдун «Риторикасында», ал эми стиль термини XVIII кылымда Феофан Прокоповичтин жана В.К.Тредиаковскийдин эмгектеринде колдонула баштагандыгын окумуштуу М.Н.Кожина белгилейт (Кожина М.Н. 1977. 9-6.). Бирок ошондой болсо да, орус тил илиминде биринчи жолу М.В.Ломоносовдун эмгегинде тилдик каражаттар стилдик планда классификацияланган. Ал "уч штиль” теориясын, стилистикалык бир канча терминдерди орус лингвистикасына киргизген жана стилистика илими тил илиминин бир белугу экендигин далилдеген. М.В.Ломоносов Цицерондон тартып езуне чейинки тилчилердин стилистика женундегу теориялык билимдерин, изилдеелерун, коз караштарын жалпылап, тил илиминин бул тармагынын енугушуне таасирин тийгизе алган.

Орус тил илиминде стилистикалык теориялар жана анын негизги маселелери М.В.Ломоносовдун филологиялык эмгектеринин негизинде калыптанган. М.В.Ломоносов тарабынан стилистиканын негизи гана тузулбестен, анын келечектеги маселелери да негизделгенин эч куменсуз белгилееге болот. Бул гениалдуу окумуштуунун коз караштарын, изилдеелерун окумуштуулар А. Х. Востоков, К. С. Аксаков, Ф.И. Буслаев, Я. К. Грот, Л. И. Поливанов, А.АПотебня, А.М.Пешковский, ЛА.Булаховский, Г.О.Винокур, А.Н.Гвоздев сыяктуу ж.б. мыкты окумуштуулар улантышкан.

XIX кылымда орус тил илиминде стилистикалык изилдеелер практикалык стилистиканы жана керкем чыгармалардын стилистикасын изилдее багытында болгондугу белгилуу (Кожина М.Н. 1977. 20-6.). Бул доордон классик жазуучулар А.С.Пушкин, М.Ю.Лермонтов, Ф. М.Достоевский, Н.В.Гоголь, Н.Л.Толстой ж.б. жазуучулардын чыгармаларына лингвостилистикалык иликтеелер жургузулген. Практикалык стилистикага арналган эмгектерде лексикалык децгээлдеги каражаттар, поэтиканын башталмасы болгон троптор, синтаксистик фигуралар стилдик планда изилденген. Бул багытта илимий изилдеелерун окумуштуулар К.А.Аксаков, В.А.Истомин, А.А.Потебня, Д.Н.Овсянико-Куликовский ж.б. жургузушкен (Головин Б.Н. 1988. 6-6.).

XIX кылымдын аягы XX кылымдын башында Батыш Европалык тил илиминде, дегеле дуйнелук лингвистикада чоц бурулуш болгон. Тил илиминдеги социологиялык агымдын негиздеечусу окумуштуу Фердинанд де Соссюр тил жана суйлешуу, тилди колдонуу ишмердуулугу женундегу концепцияны айтып чыккан (Мусаев С.Ж. 1998. 15-6.). Бул кез караш стилистика илиминин актуалдуулугун бекемдеп, стилистиканын бир тармагы функционалдык стилистиканын тупталушуне негиз салынды.

Окумуштуу Фердинанд де Соссюрдун идеясын, кез караштарын, теориялык изилдеелерун орус окумуштуулары Л.П.Якубинский, Д.Е.Поливанов, Г.О.Винокур, В.В.Виноградов^ ж.б. ар тараптан улантышкан.

Лингвостилистиканын маселелери 1950-жылдарда орус тил илиминде окумуштуулар арасында зор кызыгууну пайда кылган. Лингвостилистикалык изилдеелер жанданып, лингвистикада тилди коддонуунун проблемаларына кенул бурулган. Бул жылдар аралыгында стилистика илиминин илим катары калыптануусун илимий эмгектердин жазылышы гана эмес, стилистиканын маселелерине арналган эл аралык жана буткул Союздук съезддердин, илимий конференциялардын байма-бай еткерулушу кубе боло алат. Бул айтылгандардын далили катарында теменку конференцияларды белгилеп керсетууге болот: «Стиль в языке» (Нью-Йорк, 1960), «Поэтика» (Варшава, 1961), 1961-жылы Москвада еткерулген керкем тексттин стилистикасына арналган илимий конференция, 1963-жылы Софияда, 1968-жылы Прагада, 1967-жылы Бухарестте еткерулген эл аралык съезддеги кептеген докладдардын лингвостилистиканын маселелерине арналгандыгын белгилееге болот (Кожина М.Н. 1977. 15-6.).

Орус тил илиминде стилистиканын проблемаларын изилдеп, бул илимдин енугушунде Л.Г. Барлас, В.В. Виноградов, О.С Ахманова, РА.Будагов, Ю.В. Ванников, Г.О. Винокур, Б.Н.Головин, ИВГолуб, И.Е.Ефимов, В.В.Одинцов, В.П. Вомперский, И.Р. Гальперин, Е.А. Земская, М.Н. Кожина, Е.Н. Прокопович, Н.Ф. Пелевина, ДЕ. Розенталь, В.Г. Костамаров, В.П. Мурат, О.Б.Сиротина, Г.В. Степанова, Н.Я. Солганик сыяктуу окумуштууладын эмгектери зор (Барлас Л.Г. 1978. 5-6.).

Айрым орус окумуштуулары башка тилдердин стилистикасына изилдеелерду жургузушкен. Бул багытта лингвист-стилист И.ВАрнольддун “Стилистика современного английского языка: “Стилистика декодирования” (1990. 300-6.), М.П.Бандерес “Стилистика немецкого языка” (1983. 271-6.), Г.А.Орлов “Современная английская речь” (1991. 240-6.), РГ.Пиотровкий “Очерки по стилистике франпузкого языка (1960. 224-6.), Н.М.Фирсова “Грамматическая стилистика испанского языка (1984. 272-6.), З.И.Хованская

“Стилистика французского языка” (1984. 344-6.) эмгектерин белуп керсетууге болот.

XX кылымда стилистикалык изилдеелердун географиялык аймагы, алкагы ар тараптан кецейген. XIX кылымда кебунче Европада, Россияда стилистикалык изилдеелер жургузулгон болсо, XX кылымда бул изилдоолордун багыты Азияга, Орто Азияга жылган. Азия елколорунун тил илиминде бул тармакка теориялык планда изилдеелер жургузуле баштаган(Элкебаева Д.А. 2008. 5-6.).

Тюркологияда стилистиканын теориялык планда изилдениши XX кылымдын экинчи жарымында башталды.

Казак тилинин стилистикасы боюнча Р.Г.Сыздыкова “Абай елендерշш куралысы” (1970, 176-6. казак тилинде), ушул эле автордун “Абай шыгармаларынын тш" (лексикасы менен грамматикасы), Н.Х.Деменсинова “Синтаксическая стилистика современного казахского языка” (1988. 95-бет), М.ССергалиев “Синтаксистик синонимдер” (1981. 200 б. казак тилинде), “Синтаксис жана стилистика”(1997) Ф.М. Мусабекова “Казак тшндеп зат есiМ стилистикасы”(1976. 106 б.), “Казак тилинин практикалык стилистикасы” ж.б. окумуштуулар казак тилинин стилистикасы боюнча ез иликтеолерун жургузушкон. Жогорку окуу жайлары учун "Казак тшнш стилистикасы» (М.Балакаев, Е. Жанпейисов, М. Томанов, Б.Манасбаев. 1969, 1974) деген эмгек жарык корген. Бул илимий дисциплина боюнча казак тил илиминде ондогон кандидаттык жана докторлук диссертациялар корголгон.

Азьфкы мезгилде казак тилинин стилистикасы боюнча окумуштуулар Г.Смагулова, Д.Элкебаева, Н.Уэлиев, Б.Момынова, Р.Сыздыкова, Сергалиев М, Э.Болганбаев, Э.Ахметов, К.К Ахмедияров, Б.Шалабай, Ф.Мусабекова, Р. Эм1ров, Ж.Жакупов эмгектенишет (Д.Элкебаева. 2008. 255-6.).

Стилистика илиминдеги жацы ийгиликтер езбек, азербайжан, татар ж.б. турк тилдеринде да жаралды.

Эзбек тилинин практикалык стилистикасы жарык корду. Киличев Э. “Узбек тилиниг амалий стилистикасы. Грамматика.” (1992. 160 б.) взбек окумуштуусу Л.Т. Бобохонова англис тилинин стилистикасы боюнча изилдее жургузуп жана бул изилдое боюнча китеп жарык корген. “Инглиз тилинин стилистикасы” (1995. 143 б. езбек жана англис тилинде).

Дуйнелук процесстеги тил илиминин онугушу, дуйнелук лингвистикадагы жацы коз караш, жацы багыттардын пайда болушу, созсуз турде, кыргыз тил илиминин онугушуне даты озунун салымын кошту, таасирин тийгизди. Эне тилин изилдое, анын онугуш тенденциялары, илимий иликтее жагдайлары бугунку куну ар тараптуу мунезго ээ болду. Анткени ар кандай тил илими болбосун, езуне гана тиешелуу езгечелуктерге ээ. Себеби бир эл менен экинчи элдин социалдык онугуусу ар башка мунездо болгондуктан, тилдик маселелерди изиддееге болгон позициясы да озгерду жана ар турдуу багытка ээ болду.

***Пайдаланылган булактардын тизмеси***


1. Аширбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы (Стилистиканын жалпы маселелери). 1-китеп. – Бишкек; Ош: Кыргызстан, 2000. – 114 б.
2. Әлкебаева Дина Казак тілін прагмастилистикасы. –Алматы: Изд-во Казак ун-ті, 2008. - 255 б.
3. Балли Шарль. Французская стилистика. –М.: Просвещение, 1961.- 213 с.
4. Барлас Л.Г. Русский язык. Стилистика. –М., Просвещение. 1978. - 256 с.
5. Бельчикова Ю.А. Стилистика и культура речи. –М.: Изд-во УРАО, 2000. -160 с.
6. Будагов Р.А. Язык, история и современность. –М.: Изд-во МГУ, 1971. -299 с.
7. Виноградов В.В. История русских лингвистических учений. – М.: Высш. Шк., 1978. – 365 с.
8. Виноградов В.В. Очерки по истории русского литературного языка XII- XIX веков. – М.: Высш. шк. 1982. -529 с.
9. Виноградов В.В. О теории художественной речи: Учеб. пособие. -2-е изд., исправ. –М.: Высш. шк., 2005. -287 с.
10. Казак тілінін стилистикасы / М.Балакаев, Е.Жанпейісов, М.Томанов, Б.Манасбаев – Алматы: Мектеп, 1966. – 206 б.


***Рецензенты: Акынбекова А. У. –*** *кандидат филологических наук, доцент БГУ им. Х. Карасаева*

***Абдырасулова Э. К.*** *– кандидат педагогических наук, доцент КГМУ им. И. Ахунбаева*